КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ

И.РАЗЗАКОВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. И. РАЗЗАКОВА

# БУЙРУК - ПРИКАЗ

«20» июнь 2022 г. г. Бишкек № 110

«2022-2023-окуу жылына карата
КМТУнун даярдыктары жөнүндө»

Кесиптик билим берүүнүн тийиштүү багыттары жана адистиктери боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык 2022-2023-окуу жылына окуу процессии пландоо, даярдоо жана уюштуруу максатында **буйрук берем:**

**1. Кафедра башчылары:**

1.1. 2022-2023-окуу жылында окуу процесси жана ага байланыштуу иш-чараларды бекитилген Академиялык календарь жана окуу пландарына ылайык жүргүзүшсүн. Окуу-усулдук материалдарды даярдоонун сапатын, лабораториялардын материалдык-техникалык жактан жабдылышы жана университеттин, факультеттердин (институттардын) Окумуштуулар кеңештеринин чечимдеринин иш жүзүнө ашырылышын жеке көзөмөлгө алышсын.

1.2. Профессордук-окутуучулар курамынынын окуу жүктөмдөрүн эсептөө жана бөлүштүрүү 2022-2023-окуу жылына болжолдолуп жаткан студенттердин контингентине жараша күндүзгү жана сырттан окуу (аралыкта билим берүү технологияларын (АББТ) колдонуу менен) формалары боюнча (1-тиркеме) багыттардын жана адистиктердин жумушчу окуу пландарына, «Убакыт ченемине» (2021-ж.) жана «Профессордук-окутуучулар курамынынын (ПОК) иштөө көлөмүн пландоо жана эсептөө тартиби жөнүндө Жобого» (2020-ж.) ылйык жүргүзүлсүн.

1.3. ПОК жана ОКК боюнча штаттык тизимге табыштама берүү, бюджеттик жана контрактык түрлөр боюнча окуу жүктөмдөрүн эсептөө жана белүштүрүү өз-өзүнчө жүргүзүлсүн:

• 2, 3, 4, 5-курстар - 2022-жылдын 30-июнуна чейин;

• биринчи курсту эске алып акыркы эсептөө - 2022-ж. 1-сентябрга чейин.

Университет боюнча ПОКтун штаты менен окуу жүктөмдөрүнүн эсеби 2022-жылдын 15-сентябрына чейин бекитилсин.

Студенттердин санын курстар боюнча эсептөө төмөнкү коэффициенттер менен жүргүзүлсүн:

• «1,00» - окутуунун бардык формасындагы биринчи курстун студенттери

• «0,90» - окутуунун күндүзгү формасындагы 2-4-курстардын студенттери үчүн;

• «0,75» - сырттан окуу формасындагы (АББТ колдонуу менен) 2-4-курстардын студенттери үчүн.

1.4. Окуу, усулдук жана илимий иштер боюнча жекече педагогикалык жүктөмдөрүн пландаштыруу бекитилген «Убакыт ченемине» ылайык бир жумалык иш жүктөмү 1 ставкага 36 саат деп жүргүзүлсүн.

1.5. Лицензиялоонун жана мамлекеттик аттестациянын талаптарын камсыздоо максатында ПОКтун сапаттык курамы бекитилген ченемдерге ылайык түзүлсүн (окумуштуу даражасы же наамы барлар - 40% кем эмес; (толук чендегилер - 60% кем эмес, айкалыштыруучулар - 40% ашык эмес), штаттагы окутуучулар 1 ставка менен толук камсыз болгондон кийин гана айкалыштыруучулар (сырттан келген айкалыштыруучуларга - 0,5 ченден ашык эмес) кабыл алынсын.

1.6. Окуу жүктөмдөрүн эсептөөде лекциялык агымдарды багыттардын жана адистиктердин дисциплиналарынын окуу программаларынын окшоштук критерийлери боюнча пландалсын. Күндүзгү жана сырттан окуу формасындагы (АББТ колдонуу менен) студенттер үчүн агымдар студенттердин дисциплиналарга катталуу тартибине ылайык түзүлсүн. Тилдер дисциплиналарына практикалык сабактардын агымдары студенттердин тандоосу (тил билүү деңгээлин эске алуу менен) жана окуу бөлүмүнүн макулдашуусу (ОБ) боюнча пландалсын. Биринчи курстар үчүн физика, химия, математика, чийүү геометрия сабактары боюнча 64 саат көлөмүндө көнүктүрүү курстардын агымдарын түзүкаралсын.

1.7. Сабак өтүүчү профессорлор, доценттер, кафедра башчыларына 120 сааттан кем эмес лекциялык жүктөмдөр пландалышы керек, ушуну менен бирге аудиториялык сабактарынын көлөмү жылдык жалпы окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүнөн доценттер үчүн - 50%, профессорлор үчүн - 40% кем эмес болушу шарт.

1.8. Лекциялык курстарды окуу профессорлорго, докторлорго, доценттерге жана ЖОЖдо көп жылдык эмгек стажы жана тажрыйбасы бар улук окутуучуларга, ошондой эле өндүрүштөн келген тажрыйбалуу адистерге тапшырылсын.

1.9. Окутуучулар арасында дисциплиналарды бөлүштүрүү алардын базалык билимдерине жана педагогикалык ишмердигинин тажрыйбасына жараша тең жүргүзүлсүн.

1.10. 12 (он эки) студенттен аз санду топтор үчүн практикалардын бардык түрлөрү боюнча жүктөмдөр белгиленген ченемдин 50% пландалсын. Практикалар боюнча окуу жүктөмдөрү штаттагы окутуучуларга гана пландалсын. Практикаларды уюштуруу «И.Раззаков атындагы КМТУда студенттердин практикасын уюштуруу тууралуу» Жобого (2020-ж.) ылайык жүргүзүлсүн.

1.11. Окутуунун бардык формалары боюнча бакалавр (10 студентке чейин) жана магистрлердин (5 студентке чейин) аз сандагы топтору үчүн окуу жүктөмдөрүн эсептөө, ошол эле дисциплинанын окуу программасын аткаруучу башка топторго кошуп, бириктирүү жолу менен жүргүзүлсүн.

1.12. Кафедранын саатына төлөнүүчү фонду кафедранын штаты топтолбогон учурда гана же окуу ишинин спецификалык түрүнө жараша (Мамлекеттик аттестациялык комиссияга катышуу, бүтүрүүчү квалификациялык иштерге/дипломдук долбоорлорго жетекчилик кылуу жана рецензиялоо) пландалсын. Кошумча окуу жүктөмүн бөлүштүрүү кафедранын отурумунун чечими боюнча протоколго жазуу менен жүргүзүлсүн.

1.13. Кафедранын штаты докторантурадан, аспирантурадан, стажировкадан, чыгармачылык өргүүдөн жана бала багуу боюнча өргүүдөн кайтып келе тургандарды эске алуу менен түзүлсүн.

1.14. Айкалыштырып иштөөчүлөрдү пландоо жана окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү ректораттын макулдугу жана уруксааты боюнча гана жүргүзүлсүн.

1.15. Окуу жүктөмдөрүнүн эсеби жана туура бөлүштүрүлүшү, бекитилген дисциплиналардын окуу жүктөмдөрүнүн толук эсеби жана өткөрүлүүчү сабактардын

сапаты, ошондой эле окуу бөлүмүнө окуу жүктөмдөрүнүн эсептерин тапшыруу кафедра башчысына жүктөлөт.

1.16. 2022-жылдын 30-июнуна чейин кафедраларга бекитилген дисциплиналардын тизмесинин мониторинги жүргүзүлсүн, керектүү учурда жаңылансын.

1.17. ПОК тарабынан эмгек тартибин сакталышын дайыма көзөмөлгө алып, окутуучуларга университеттин маалыматтык системасына (МС) модулдук-рейтингдик бааларды өз убагында киргизүүнү жана электрондук ведомостторду белгиленген тартипте толтурууну жеке жоопкерчилиги боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

1.18. Кесиптик ишмердикте жана окутуунун технологиялары боюнча ПОКтун квалификациясын жогорулатуу багытындагы иш-чаралар дайыма өткөрүлсүн.

1.19. 2022-жылдын 30-июнуна чейин КМТУнун веб-сайтында кафедра жана билим берүү программалары тууралуу маалыматтар жаңыртылсын.

1.20. ПОКтун окуу сабактарына өз ара катышууларына дайыма талдоо жүргүзүлүп турсун.

1.21. 2022-жылдын 27-июнуна чейин жаңы окуу жылына кафедранын усулдук жана техникалык жабдылышын, окуу-лабораториялык базасынын даярдыгын текшерүү жүргүзүлсүн.

1.22. 2021-2022-окуу жылында аккредитациядан өткөн билим берүү программаларынын жетекчилери аккредитациялык агенттиктин эскертүүлөрүнүн негизинде аккредитациянын минималдуу талаптарына ылайык билим берүү программаларынын мазмунуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жана дал келбестиктерди жоюу боюнча иш-чаралардын планын иштеп чыгышсын. 2022-жылдын 30-сентябрына чейин аткарылган иштери боюнча отчетту билим берүүнүн сапаты бөлүмүнө тапшырышсын.

1.23. 2022-ж. 1-сентябрына чейин окуу түзүмдөрүнө бекитилген аудитордук фонддорду (кабинеттерди жана кампаларды) санитардык-гигиеналык жана өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык келтирилсин.

1.24. 2022-2023-о.ж. мамлекеттик жана чет (англис, немец) тилдерде окутуулучу сабактарды тийиштүү окуу-усулдук материалдар жана кадрдык курам менен камсыздоо боюнча уюштуруучулук-даярдык иштерди жүргүзүшсүн.

- **Окуу бөлүмүнө төмөндөгү иш-кагаздарды тапшырышсын:**

1.25. Жаңы окуу жылында сабак өтүүчү ПОК талапкерлердин тизмеси 2022-жылдын 15-июлуна чейин;

1.26. Кызматка кабыл алуу боюнча окутуучулардын жана айкалыштыруучулардын арыздарын макулдашуу үчүн: биринчи семестрге - 2022-жылдын 29-августуна чейин, экинчи семестрге - 2023-жылдын 10-январына чейин;

1.27. Окутуучулардын 2021-2022-окуу жылында аткарган окуу жүктөмдөрүнүн отчетторун жеке пландарын тиркөө менен графикке ылайык 2022-жылдын 30-июнуна чейин тапшырылсын (ОБнын сайтында жайгаштырылган);

1.28. Кафедранын даярдык актысын (факультетгин/институттун акты менен чогуу) 2022-жылдын 30-июнуна чейин;

1.29. Жаңы окуу жылына алдын-ала эсептелип бөлүштүрүлгөн окуу жүктөмдөрү 2022-жылдын 30 июнуна чейин.

1.30. Пландалган окуу жүктөмдорүн эсептөө боюнча документтердин пакети тапшырылсын:

- окуу жүктөмдөрдүн жана аны бөлүштүрүү боюнча акыркы варианты 2022-жылдын 1-сентябрына чейин;

- пландалган окуу жүктөмдөрүнүн жыйынтыкталган ведомосту;

- жаңы окуу жылына ПОК жана ОКК боюнча кафедранын билдирмеси;

-кафедранын ПОКунун штаттык тизмесин;

- ПОКтун тарификациялык тизмесин;

1.31. AVN 6 автоматташтырылган маалыматтык системага окуу жүктөмдөрү 2022-жылдын 9- сентябрына чейин киргизилсин.

**2. Факультеттердин декандары, институттардын, филиалдардын жана коллеждердин директорлору:**

2.1. 2022-ж. 08-14 сентябрда «Биринчи курска алынган студенттер үчүн багыттоо жумалыгын өткөрүү программасына» ылайык иш-чаралар өткөрүлсүн.

2.2. Тийиштүү багыттар боюнча биринчи курстардын студенттери үчүн маалыматтык топтомдору иштелип чыксын, 2022-жылдын 30-июнуна чейин.

2.3. Окутуунун кредиттик системасынын (ECTS) негизинде окуу процессии уюштуруу тууралуу Жобого ылайык офис-каттоочулардын жана академиялык кеңешчилер кызматынын иши уюштурулсун. Студенттерди дисциплиналарга каттоо боюнча алардын иш милдеттери үчүн жоопкерчиликтери көрсөтүлсүн.

2.4. Студенттерге чогулуш өткөрүп, анын жыйынтыгы боюнча окуу топторунун старосталарын дайындоо боюнча академиялык кеңешчилерге тапшырма берилсин.

2.5. КМТУнун веб-сайтындагы факультет (институт, филиал, колледж) тууралуу маалыматтар 2022-жылдын 30-июнуна чейин жаңыртылсын.

2.6. Иш кагаздары жана окуу-отчёттук документтердин мазмуну бекитилген иш кагаздарынын Номенклатурасына, университеттин ченемдик, тескөө-буюруу документтерине ылайык иретке келтирилсин.

2.7. Мамлекеттик жана ангис тилдеринде билим алуучу топторду ачуу боюнча сунуштар окуу бөлүмүнө 2022-жылдын 15-июнуна чейин тапшырышсын.

2.8. Университеттин маалыматтык системинин иштөө коопсуздугун жогорулатуу жана жакшыртуу боюнча сунуштар 2022-жылдын 30-июнуна чейин окуу иштери боюнча проректорго тапшырылсын.

2.9. Окуу сабактарынын ырааттамаларынын аткарылышын жана студенттердин сабактарга катышуусу менен окуу процессин уюштуруунун сапатын дайыма көзөмөлдөөгө алышсын.

2.10. Кафедраларда, факультеттерде, филиалдарда, колледждерде окуу процессин уюштуруунун сапатына жоопкерчилик кылуу декандарга/ директорлорго жүктөлсүн.

2.11. 2022-жылдын 30-июнуна чейин ректорго төмөндөгүлөр боюнча билдирүүлөрдү тапшырышсын:

• окуу топторунун тизмектик курамын көрсөтүү менен курстар, багыттар (адистиктер) боюнча студенттердин контингентинин тартипке келтирилиши боюнча;

• 2021-2022-окуу жылына контрактка ылайык төлөнгөн акысы, кайталап окуу жана окуудан чыгаруу жана кредиттердин тийиштүү санын топтоо шартына карата курстан курска которуу боюнча;

• мамлекеттик аттестацияны ийгиликтүү тапшырган бүтүрүүчүлөргө жогорку билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү дипломдорду берүү боюнча.

2.12. 2022-жылдын 30-июнуна чейин 2022-2023-окуу жылына эмеректерди, жабдууларды, чыгымдалуучу материалдарды жана кеңсе товарларын сатып алууга АЧИ боюнча проректорго билдирүүлөрдү беришсин .

2.13. Окуу төлөмдөрүнүн туруктуу түшүүсүн жана төлөмдөрдүн өз убагында жүргүзүлүшүн көзөмөлдөө максатында Академиялык календарь жана студент менен түзүлгөн контракт жетекчиликке алынсын.

2.14. Окуу төлөмдөрүнүн тартиби менен мөөнөттөрү жана контрактын шарттарына киргизилген өзгөрүүлер боюнча маалыматтар менен студенттер тааныштырылышсын.

2.15. Офис-каттоочулар ар бир айдын 5-числосуна чейин университеттин маалымат системинен окуу төлөмдөрү боюнча карызы бар студенттер тууралуу маалыматтарды алып (зарыл болгон учурда бухгалтериядан тактоо) деканга билдиришсин.

2.16. Окуу тартибин бузган же финансылык карыздары бар учурда, ата- энесин же студенттин өзүн маалымдап, окуудан чыгаруу тууралуу билдирүүнү беришсин.

2.17. 2022-2023-окуу жылында мамлекеттик тилде окутуулучу сабактарды тийиштүү окуу-усулдук материалдар жана кадрдык курам менен камсыздоо боюнча уюштуруучулук-даярдык иштерди жүргүзүшсүн.

- **Окуу бөлүмүнө төмөндөгү иш-кагаздарды тапшырышсын:**

2.18. Билим берүүнүн бардык деңгээлдери боюнча 2022 -жылдын бүтүрүүчүлөрүнүн аттестациядан өткөрүү жана экинчи курстун студенттеринин дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу аттестациянын МАКтын отчёттору 2022-жылдын 22-июлуна чейин;

2.19. Факультеттердин/институттардын ишмердиги жана ПОКтун окуу жүктөмдөрүнүн аткарылышы боюнча жылдык отчёттору графикке ылайык 2022-жылдын 7-июлуна чейин тапшырылсын.

2.20. Окуу түзүмүнүн даярдык актысы 2022-жылдын 30-июнуна чейин.

2.21. Типографияда бланктарды жана иш кагаздарын даярдоо үчүн (үлгүсүн тиркөө менен) табыштамалар 2022-жылдын 15- июнуна чейин тапшырылсын.

**3. Окуу иштери боюнча проректор:**

3.1. 2022-жылдын 15-июлуна чейин 2022-2023-окуу жылына иш планынын долбоору даярдалсын;

3.2. Факультеттердин, институттардын, политехникалык колледждин жылдык отчёттору (текст түрүндө) 2022-жылдын 7-июлуна чейин бекитилсин;

3.3. 2022-2023-окуу жылына карата 2022-жылдын 1-июлуна чейин факультеттердин, институттардын жана политехникалык колледждин иш пландары жана 2022-жылдын 5-октябрына чейин ОУКтун иш планы бекитилсин;

3.4. 2022-23-окуу жылына карата филиалдардын иш пландары 2022-жылдын 5-июлуна чейин бекитилсин;

3.5. Түзүмдүк бөлүктөрдүн КМТУнун веб-сайтындагы баракчаларын жаңыланышы боюнча отчётту ректорго 2022-жылдын 5-июлуна чейин берсин;

3.6. Окуу процессин уюштуруу жана жүргүзүү үчүн МТБиКТТ менен биргеликте университеттин маалыматтык системасы 2022-жылдын 15-июлуна чейин даярдалсын;

3.7. IT Департаментинин директору менен биргеликте билим берүү порталынын окуу жылына даярдык деңгээли жөнүндө маалымат берилсин 2022-жылдын 5-июлуна чейин;

3.8. 2023-жылга электрондук китептерди жана окуу куралдарын түзүү боюнча план (факультеттер, институттар боюнча) даярдалсын 2022-жылдын 15-октябрына чейин;

3.9. 2021-2022-окуу жылында үзгүлтүккө учураган окуу сабактары жана көрүлгөн чаралар боюнча отчёт даярдалсын 2022-жылдын 15-июнуна чейин;

3.10. 2022-23-окуу жылына карата университеттин даярдык Акты даярдалсын 2022-жылдын 30-июнуна чейин.

**4. Илимий иштер жана тышкы байланыштар боюнча проректор:**

4.1. 2021-2022-окуу жылы үчүн илимий-изилдөө иштери тууралуу отчёт даярдалсын 2022-жылдын 15-июлуна чейин.

4.2. Түзүмдүк бөлүктөрдүн КМТУнун веб-сайтындагы баракчаларынын жаңыланышы боюнча отчётту ректорго берсин 2022-жылдын 15-июлуна чейин.

4.3. Окутуучулар жана студенттер арасында илимий иш-чараларды уюштуруу (конференциялар, семинарлар, тегерек столдор) боюнча сунуштар менен 2022-2023-окуу жылына КМТУнун эл аралык жана илимий-изилдөө иштери боюнча долбоордун планы даярдалсын 2022-жылдын 20-сентябрына чейин.

4.4. Илимий-изилдөө иштерине кызыкдар жаш окутуучулар менен студенттерди колдоо боюнча КМТУнун жаш окумуштуулар кеңеши менен биргеликте 2022-2023-окуу жылына иш-чаралардын планын тиркөө менен ЖОКтун иш планы 2022-жылдын 15-июлуна чейин даярдалсын.

4.5. КМТУда илимий мектептерин өнүктүрүү жана илимий-изилдөөлөрдү киргизүү боюнча сунуштар берилсин 2022-жылдын 15-июлуна чейин.

4.6. Түзүмдүк бөлүктөрүнүн илимий-билим берүүчү эл аралык байланыштарын кеңейтүү боюнча сунуштар 2022-жылдын 15-июлуна чейин даярдалсын.

4.7. Илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жана жаш окутуучулар үчүн кесиптик жана педагогикалык чөйрөдө ПОКтун квалификациясын жогорулатуу системасын уюштуруу жана пландоо боюнча иштери күчөтүлсүн.

**5. Өнүгүү жана мамлекеттик тил боюнча проректор:**

5.1. «2021-2030-жылдарга И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин өнүгүү стратегиясынын программасын» ишке ашыруу боюнча отчет берсин.

5.2. КМТУда 2021-2025-жылдарга карата мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өрчүтүү Программасынын аткарылышы боюнча отчет 2022-жылдын 5-июлуна чейин берсин.

5.3. Жарнамалык-маалыматтык колдонмо басууга даярдалсын жана үч тилде (кыргыз, орус жана англис) чыгарылсын 2022-жылдын 01-сентябрына чейин;

5.4. Электрондук кыргызча-орусча техникалык сөздүктү иштеп чыгуу жана окуу процессине киргизүү 2022-жылдын 01-сентябрына чейин.

**6. Административдик-чарба иштери боюнча проректор:**

6.1. Жаңы окуу жылына зарыл болгон эмеректердин, жабдуулардын, керектелүүчү материалдардын, канцелярдык товарлардын ж.б. тизмеси түзүлсүн 2022-жылдын 15-июнуна чейин;

6.2. Аудиториялык фонддун оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүү графиги жана чыгымдардын сметасы түзүлсүн 2022-жылдын 10-июнуна чейин;

6.3. Окуу жана кызматтык аудиторияларда оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүп, керектүү эмеректер жана жабдуулар менен камсыздалсын 2022-жылдын 20-августуна чейин;

6.4. Лабораториялык иштерди жүргүзүү үчүн кафедралар керектелүүчү материалдар менен камсыздалсын.

6.5. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер үчүн шарт түзүү боюнча иш-аракеттер планын иштелип чыксын.

**7. Окуу бөлүмүнүн башчысы:**

7.1. Окуу процесси 2022-жылдын 15-сентябрынан баштап бекитилген окуу пландарына жана 2022-2023-окуу жылынын академиялык календарына ылайык уюштурулсун.

7.2. Кафедралар, факультеттер жана институттар бекитилген үлгүдөгү керектүү бланкалар менен камсыздалсын.

7.3. Бекитилген окуу дисциплиналарды университеттин багыттарынын/адистиктеринин окуу пландарына ылайык дал келишин текшерип, 2022-2023-окуу жылында алардын ишке ашырылышын камсыздасын.

7.4. 2022-23-окуу жылына болжолдолуп жаткан студенттердин контингентинин жана «Убакыт ченемине» негизинде ПОК жана ОККнын штаттык тизиминин долбоору түзүлсүн 2022-жылдын 1-июлуна чейин;

7.5. 2022-2023-окуу жылына кафедралардын окуу жүктөмдөрүнүн эсеби жана аларды коштоочу документтер текшерилип кабыл алынсын, бюджетгик жана контракттык окутуу формасы боюнча ПОК штатына муктаж окуу түзүмдөрүнүн жыйынтыктоочу ведомостордун эсептери бекитүүгө даярдалсын 2022-жылдын 15-июлуна чейин.

7.6. Окуу түзүмдүк бөлүктөрдүн отчёту ПОКтун окуу жүктөмдөрү чыныгы аткарылганда гана бекитилсин.

7.7. Күндүзгү окуу бөлүмү боюнча сабактар жуманын 5 күнүне пландалсын (ишемби күнү — зарыл болгон учурда гана).

7.8. Ар бир факультетте мамлекеттик тилде толук циклде окуй турган топторду түзүү караштырылсын, тийиштүү бөлүмдөрдүн керектүү документтерин мамлекеттик тилге которуу камсыздалсын.

7.9. ЖКББ, ОКББ МББС киргизилген өзгөртүүлөрдү жана ЖОЖдо ишке ашырылуучу процесстердин сапатын камсыздоону эске алуу менен ченемдик документтер жаңыланып жана иштелип чыксын 2022-ж. 01-сентябрына чейин.

7.10. AVN кызматы менен бирге AVN 6 окуу жүктөмдорүн эсептөө жана бөлүштүрүү программасы мурда бекитилген формага ылайык келтирүү.

7.11. Кыргыз тилинде билим алуучу окуу топторун түзүү, ошондой эле кафедраларда мамлекеттик тилде сабак өтүлүүчү дисциплиналарды түзүү боюнча иштери жүргүзүлсүн.

**<u>Диспетчердик кызмат:</u>**

7.12. 2022-2023-окуу жылынын күзгү семестри үчүн сабактардын божомолдуу ырааттамасы 2022-жылдын 30-июнуна чейин түзүлсүн.

7.13. Сабактардын ырааттамасын окутуунун кредит системасынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окуу процессин үзгүлтүккө учуратпай жана аудиториялык фондду сарамжалдуу пайдалануунун талаптарын сактап түзүшсүн.

7.14. Корпустардагы кабинеттердин жана аянттардын пайдалануу багыттары

өзгөрүшүнө карата аудитордук фонд боюнча маалымат жаңылансын 2022-ж. 1-сентябрына чейин.

**8. Билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн башчысы:**

8.1. КМТУда ишке ашырылып жаткан даярдоо багыттары/адистиктери боюнча билим берүү ишмердигин жүргүзүүгө укук берген лицензиялардын бар болушун жана алардын дал келиши аныкталсын.

8.2. 2022-жылдын 1-декабрына чейин лицензиатта өтүүгө пландалып жаткан жана 2022-жылдын 30-июнуна чейин көз карандысыз аккредитациядан өтүүчү багыттардын/адистиктердин тизмеси такталып түзүлсүн.

8.3. Программалык аккредитациядан өтүү боюнча даярдоо иштери 2022-жылдын 30-июнуна чейин жүргүзүлсүн.

8.4. Университетте окуу сапатын камсыздоо үчүн институционалдык деңгээлдеги иштеринин өзүн-өзү баа берүү жана аккредитацияга даярдануу боюнча иш-чаралары 2022-жылдын 29-октябрына чейин жүргүзүлсүн.

8.5. Институционалдык аккредитациянын жыйынтыгы жана ЖЭКтин эскертүүлөрүн жоюу иш-чаралар планы боюнча дал келбестиктерди жоюу кафедралар жана деканаттар боюнча - 2022-жылдын 30-сентябрына чейин.

8.6. “Окутуучу студенттердин көз карашы менен” сурамжылоонун жыйынтыктарынын анализи ректорго 2022-жылдын 10-сентябрына чейин берилсин.

8.7. “Эмне учун ЖОЖ катары И. Раззаков атындагы КМТУнун тандадым” аталышындагы социологиялык сурамжылоо 2022-жылдын 15-ноябрына чейин жүргүзүлүп, жыйынтыктары ректорго 2022-жылдын 30-ноябрына чейин берилсин.

8.8. "КМТУнун ишмердүүлүгүнө профессордук-окутуучулар курамынын канааттануусу" аталышындагы социологиялык сурамжылоо өткөрүлүп, жыйынтыктары ректорго 2022-жылдын 30-июнуна чейин берилсин.

8.9. Окуу бөлүмү, башкы инженер жана комендanttар менен бирдикте корпустардын жана жатаканаларда аудитордук фонддун жана коомдук пайдалануучу жерлердеги келтирилген кемчиликтерди жоюу боюнча кайрадан мониторинг жүргүзүлсүн 2022-жылдын 15-июлуна чейин.

**9. Факультеттердеги ОУКтун, КМТУдагы ОУКтун төрагалары:**

9.1. 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча отчётторду 2022- жылдын 1-июлуна чейин тапшырсын.

9.2. 2022-2023-окуу жылы үчүн иш пландарды 2021-жылдын 20-сентябрына чейин даярдашсын.

9.3. online.kstu.kg порталын окуу-методикалык материалдар менен толтуруу боюнча отчет даярдоо 2022-жылдын 30-июнуна чейин.

**10. Социалдык, тарбия жана окуудан тышкары иштер боюнча департаменттин директору:**

10.1. 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча отчётту 2022-жылдын 5-июлуна чейин тапшырсын.

10.2. 2022 -2023-окуу жылына тарбиялык иштердин иш планын 2022-жылдын 30-июнуна чейин тапшырсын.

10.3. Студенттерге тарбия берүү иштерин өркүндөтүү, студенттердин сабактан тышкары ишмердиктериндеги жаңы багыттарды ачуу боюнча сунуштар 2022-жылдын 30-июнуна чейин иштелип чыксын.

10.4. Студенттердин өзүн-өзү башкаруусунун натыйжалуу иштеши боюнча сунуштарды иштеп чыксын 2022-жылдын 30-июнуна чейин.

10.5. КМТУнун профсоюздук комитети менен биргеликте социалдык жактан жардамга муктаж студенттерге колдоо көрсөтүү боюнча иш-чаралардын планын иштеп чыксын 2022-жылдын 30-июнуна чейин.

**11. Кадрлар бөлүмүнүн башчысы:**

11.1. Профессордук-окутуучулар курамын, административдик жана окуу-көмөкчү курамын жаңы окуу жылына кабыл алууга керектелүүчү иш кагаздары менен бланктар даярдалсын 2022-жылдын 20-августуна чейин.

11.2. Окутуунун күндүзгү бөлүмүнө сабак өтүүчү окутуучу-профессордук курамды кабыл алуу - 2022-жылдын 1-сентябрына чейин, сырттан окуу бөлүмүнө (АББТ колдонуу менен) - 2022-жылдын 15-сентябрына чейин жүргүзүлсүн.

11.3. ОБ менен биргеликте ПОКтун жана кызматкерлердин (административдик-башкаруу кызматта иштегендерден тышкары) окуу жүктөмдөрү бекитилген көлөмдө сакталышын жана окуу жылы ичинде 1,5 ченден, саат акысы - 240 сааттан ашык эместигин көзөмөлгө алышсын.

11.4. Пландоо-каржылык бөлүмү менен биргеликте 2022-2023-окуу жылына административдик башкаруу персоналынын (АБП) түзүмү менен штаттык тизими боюнча сунуштарды берсин.

**• студенттик кадрлар бөлүмү:**

11.5. студенттерди, магистранттарды кийинки окуу курсуна которуу, кайталап окутуу, окуудан чыгаруу тууралуу буйруктардын долбоорлорун 2022-жылдын 15-июлуна чейин даярдашсын.

11.6. Бүтүрүчүлөр (бакалаврлар, адистер, магистрлер) боюнча буйруктардын долбоорлорун 2022-жылдын 5-июлуна чейин даярдашсын.

11.7. Студенттердин контингентин академиялык топтордун тизмеленген курамын көрсөтүү менен аныктап, факультеттердин (институттар) деканаттары менен салыштырып текшеришсин 2022-жылдын 15-июлуна чейин.

**12. Бухгалтерия жана пландоо каржылык бөлүмү:**

12.1. КМТУнун баардык багыттары жана адистиктери боюнча окуу төлөмдөрүнүн калькуляциясы макулдашылып, бекитүүгө берилсин 2022-жылдын 01-июлуна чейин.

12.2. Бухгалтерия ар бир айдын 5-числосуна чейин факультеттердин офис-каттоочулары менен биргеликте окуу төлөмдөрү төлөнбөгөн студенттерди аныктоо боюнча иш жүргүзүп, алынган маалыматтар менен декандар/директорлор өз учурунда кабарлоону уюштурсун.

12.3. 1С программасын ишке киргизүү жана аны пайдаланууга кетирилген чыгымдар боюнча отчётту 2022-жылдын 20-июлуна чейин берсин.

**13. Илимий-техникалык китепкананын директору:**

13.1. Китепкананын бөлүмдөрүнүн иштерин жакшыртуу боюнча сунуштарды 2022-жылдын 15-июнуна чейин берсин.

13.2. институттардын, факультеттердин табыштамаларын бириктирип, китеп фондун түзүү боюнча сунуштар берсин 2022-жылдын 1-июлуна чейин.

13.3. КМТУнун китеп фондунун электрондук каталогун түзү иштери улантылсын.

**14. Маалыматтык технологиялар жана компьютерлерди техникалык тейлөө бөлүмүнүн башчысы:**

14.1. Административдик, окуу түйүндөрдү өркүндөтүү жана окуу процессин маалыматташтыруу боюнча сунуштар даярдалсын 2022-жылдын 15-июнуна чейин;

14.2. Университеттин маалымат системасынын иштөө коопсуздугун жогорулатуу боюнча иш-чаралар өткөрүлсүн 2022-жылдын 1-сентябрына чейин;

14.3. Университеттин компьютердик техникаларынын абалы боюнча толук малыматты окуу бөлүмүнө тапшырылсын 2022-жылдын 15-июлуна чейин;

14.4. Университеттин маалымат системасынын, маалымат-ресурстарынын, сайтынын жана маалыматтык-коммуникативдик техникаларынын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыздашсын.

**15. IT департаменттин директору:**

15.1. Департаменттин 22-23-о.ж. иш планын даярдасын 2022-жылдын 1-сентябрына чейин;

15.2. Баардык формадагы билим алган студенттер (бакалавриат/магистратура) үчүн окуу процессине **Moodle** платформасын этап менен киргизүү боюнча иш-чараларынын планын иштеп чыксын 2022-жылдын 1-сентябрына чейин. Видео-инструкция 2022-жылдын 01-августуна чейин даярдалсын.

15.3. Түзүмдүк бөлүмдөрдүн сайттарындагы бардык керектүү маалыматтар үч тилде (кыргыз, орус жана англис) тиешелүү документтери менен жаңыртылсын 2022-жылдын 01-сентябрына чейин;

15.4. Бардык документтердин кыймылын корпоративдик почта аркылуу гана жүргүзүү, бардык кызматкерлер үчүн каттоолорун текшерүү 2022-жылдын 15-июлуна чейин.

**16. Илим, квалификацияны жогорулатуу жана технологияларды трансферлөө башкармалыгына тапшырышсын:**

16.1. 2022-2023-окуу жылына илимий-инновациялык иштердин жеке планы тиркемеге ылайык 2022-жылдын 27-июлуна чейин;

16.2. Профессордук-окутуучулук курамдын илимий-изилдөө иштеринин аткарылышын текшерүүнү жана баалоону камсыз кылып, жыйынтык отчетун тапшыруу 2022-жылдын 05-июлуна чейин;

16.3. 2022-2023-окуу жылына кафедралык илимий теманы белгиленген тартипте университеттин Илимий-техникалык кенешинде бекитүү үчүн пландаштыруу, илимий-практикалык конференцияларды, илимий семинарларды жана тегерек столдорду уюштуруу, алар жөнүндө маалымат 2022-жылдын 5-сентябрына чейин.

16.4. Маркетингдик изилдөөлөрдү жакшыртуунун жана кафедралардын илимий-техникалык иштеп чыгууларынын маалымат базасын түзүүнүн негизинде келишимдик илимий-изилдөө иштери күчөтүлсүн.

16.5. Scopus жана Web of Science эл аралык индекстелүүчү базаларында илимий макалаларды жарыялоо боюнча иштерди күчөтүү.

16.6. Илимий мектептерди өнүктүрүү, КМТУга илимий изилдөөлөрдү киргизүү боюнча сунуштар 2022-жылдын 10-июнуна чейин.

**17. Түзүмдүк бөлүктөрдүн, бөлүмдөрдүн, кызматтардын, борборлордун жетекчилери:**

17.1. Түзүмдөрдүн ишмердүүлүгүн чагылдырган, талапка ылайык ченемдик-укуктук актылардын ж.б. документтердин мониторингин жүргүзүшсүн 2021-ж. 1-сентябрына чейин.

17.2. Ишмердиги жана билим берүү программалары боюнча толук маалыматтарды киргизип, мезгил-мезгили менен сайтты жаңылоо боюнча иштер жүргүзүлсүн.

17.3. Бөлүмдөрдүн башчылары 2022-жылдагы ички аудит учурунда аныкталганкемчиликтерди жоюу боюнча отчетту 2022-ж. 30-июнуна чейин ББСБга тапшырышсын.

18. Берилген буйрукту көзөмөлдөө ишин өзүмө калтырам.

«О подготовке КГТУ им. И. Раззакова
к 2022-23 учебному году»

С целью планирования, подготовки и организации учебного процесса на 2022-23 учебный год в соответствии с требованиями государственных образовательных стандартов профессионального образования по соответствующим направлениям и специальностям **приказываю:**

1. **Заведующим кафедрами:**

1.1. В 2022-2023 учебном году учебный процесс и связанные с ним мероприятия проводить в соответствии с утвержденным Академическим календарем и рабочими учебными планами. Взять под личный контроль качество подготовки учебно-методических материалов, материально-техническое оснащение лабораторий и реализацию решений Ученого совета университета и факультетов (институтов).

1.2. Произвести расчет и распределение учебной нагрузки профессорско-преподавательского состава (ППС) согласно «Положения о порядке расчета и планировании объема работы ППС» (2020г.), Норм времени (2021 г.), рабочих учебных планов направлений и специальностей по очной и заочной (с применением ДОТ) формам обучения и ожидаемого контингента студентов на 2022-23 учебный год (Приложение 1).

1.3. Расчет и распределение учебной нагрузки и заявку на штатное расписание ППС и УВП произвести отдельно по бюджетному и контрактному виду обучения:

- 2, 3, 4, 5 курсов — до 30 июня 2022 г.
- окончательный расчет с учетом первого курса — до 1 сентября 2022 г.

В целом по Университету утвердить расчет учебной нагрузки и штат ППС до 15 сентября 2022 г.

- количество студентов к расчету по курсам принимать с коэффициентами:
    - «1,00» — для студентов первых курсов всех форм обучения;
    - «0,90» — для студентов 2-4 курсов очной формы обучения;

- «0,75» — для студентов 2-5 курсов заочной формы обучения (с применением ДОТ).

